*УДК:303.425.2.*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.5*

***Ахмет Джан Демир***
*Кыргыз–Түрк Манас университети*
***Мустафа Орчан***
*Социология илиминин профессору*

# МУКТАЖДЫК ТЕОРИЯЛАРЫ: ИБН ХАЛДУН ЖАНА АБРАХАМ МАСЛОУ

# ТЕОРИИ ПОТРЕБНОСТЕЙ: ИБН ХАЛДУН И АБРАХАМ МАСЛОУ

# THE THEORIES OF NEEDS: IBN KHALDUN AND ABRAHAM MASLOW

***Аннотация:*** *Бул изилдөөнүн максаты муктаждык түшүнүгүн Ибн Халдун жана Маслоунун теориясынын негизинде талкуулоо жана салыштыруу болуп саналат. Изилдөө эки коомдук илимпоздун муктаждык менен байланышкан теорияларын ичине камтыйт. Ибн Халдундун асабия теориясы анын умран билимин түшүнүү боюнча кыскача түшүндүрүлгөн жана муктаждык менен болгон байланышын камтыйт. Изилдөөгө тема катары тандалып алынган Ибн Халдундун муктаждык теориясы өзүнөн кийин келген коомдук илимпоздорго салымын кошкондугу үчүн алынган жана бул тармакта белгилүү муктаждык теориясы болуп эсептелген Маслоунун муктаждык иерархиясы менен салыштырылган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Ибн Халдун, Абрахам Маслоу, муктаждык, асабия, муктаждык иерархиясы, социалдык илимдер, мукаддима , коом, мамлекет, циклдер теориясы*

***Аннотация;*** *Цель этого исследования - обсудить и сравнить концепцию потребностей через Ибн Хальдуна и Маслоу. В исследование включены обе теории социологов о потребностях. Асаби теория кратко объясняются с точки зрения Ибн Хальдуна в понимании знаний об Умране и их связи с потребностями. Теория потребностей Ибн Хальдуна, выбранная в качестве предмета исследования, была взята потому, что она внесла вклад в социологию, тем самым, помогла социологам, которые пришли после него. Теорию сравнили с иерархией потребностей Маслоу, самой известной теорией потребностей в этой области.*

***Ключевые Слова:*** *Ибн Хальдун, Абрахам Маслоу, потребность, асабия, иерархия потребностей, общественные науки, мукаддима, общество, государство, теория циклов.*

***Abstract;*** *The purpose of this study is to discuss and compare the concept of needs through Ibn Haldun and Maslow. The study includes both social scientists' theories of needs. Ibn Khaldun's asabiyya theory is briefly explained from his point of view of understanding the science of Umran and its connection with needs is also given. Ibn Khaldun's theory of needs was chosen as the subject of study, because it helped sociologists who came after him, thereby contributing to sociology. And it was also compared to Maslow's hierarchy of needs, the most known theory of needs in this field.*

***Key Words:*** *Ibn Khaldun, Maslow, Needs, Asabiyya, Hierarchy of Needs, Social Science, Muqaddimah, Society, State, The Cyclical Theory*

**КИРИШҮҮ**

Коомдук турмушта муктаждык түшүнүгүнүн аталуусу жылдар бою өзгөргөн экономикалык моделдер менен өзгөрүүгө жакын абалда болгон. Адамдардын иш-аракеттери, каалоо-тилектери коомдук түзүлүш менен калыптанат жана жеткиликтүү экономикалык шарттардын абалына жараша чечилет же болбосо толук түрдө чечилбей калат.

“Маселеге социалдык көз караш менен карасак, муктаждык түшүнүгүнүн эки башка айырмачылык менен деталдуу түрдө берилгендигин көрөбүз. Биринчиден, муктаждык адамдарды шыктандырган бир фактор

болуп эсептелет. Муктаждыкка багытталган экинчи социологиялык түшүндүрмө болсо, муктаждыкты функционалдык шарт катары эсептейт [6.45-б]."

Муктаждык бир адамдын өмүр бою психологиялык, материалдык, маданий жана коомдук ресурстарга көз карандыгын тушундурот. Муктаждыктын мааниси коомчулуктан, жашаган жеринен өзгөрөт. Булактар тараптан карасак, ички жана сырткы факторлор адамга тиешеси бар, таасир бериши мүмкүн. Кээ бир муктаждыктар адамды кысымга алат. Мисалы, адамдын эркиндигин алат. Кээ бир муктаждыктар адамдын каалоосу менен аткарылат. Мисалы, айылда эмес, шаарда жашоону каалоо.

**Ибн Халдундун муктаждык түшүнүгү жана асабия**

Ибн Халдун коом теориясындагы эң маанилүү түшүнүктөрдүн бири болуп саналган асабия – бир урууга таандык адамдардын бири-бирине жардамдашуусун, биримдигин жана колдоосун көрсөтүп турат. Коомдогу бири-бирин колдоо сезими же болбосо коомдук таануу катары да аталып жүргөн асабия, бири-бирин колдоонун жана биримдиктин булагы болуп саналат. Ушундай сезим аркылуу уруулар жана адамдар өздөрүн коопсуз сезишет. [2. 94-б.].

"Асабиянын эң негизги өзгөчөлүгү – урууларды жана коомчулукту түзгөн адамдардын ортосунда бекем ынтымак, туруктуу бири-бирине жөлөк-таяк, үзгүлтүксүз жардам берүү жана жаратылышты коргоо сезими, аң-сезими жана ишеничи болуп саналат [2. 96-б.]."

Ибн Халдундун ою боюнча эки түрдүү асабия бар. Биринчиси: "тек менен байланыштуу асабия ", экинчиси болсо: " себепке байланышкан асабия"

Тек менен байланыштуу асабия: Бир кандан болгон, өзгөртүүгө болбогон, туулгандан тартып жаралган асабия болуп саналат. (рассалык жана этникалык улутчулдук катары бааланат).

Себепке байланышкан асабия: Кийинчерээк пайда болгон асабия болуп саналат. Статус, билим, кесип, өздүгүн үлгү катары берүүгө болот (маданият улутчулдугу катары айтууга болот). Себепке байланышкан асабия өз ара үчкө бөлүнөт: Ээлик кылуу – кул жана ээлеринин ортосундагы асабия. Антташуу – чыныгы достук жана жардамдашууга негизделген асабия. Тандоо – султанга ылайык достору жана анын чөйрөсүнүн асабиясы [2. 98,99,100-б.].

Ибн Халдундун ою боюнча асабиянын негизги максаты мал-мүлк, башкаруу, мамлекет куруу жана башкаларга өкүмдар болуу. Асабия көчмөн элдеринин отурукташкан жашоо-шартына өтүшүндө эң маанилүү роль ойнойт [2. 101-б.].

Асабиянын эң негизги максаты болгон мал-мүлк түшүнүгү – ээ болуу жана үнөмдүү колдонууну түшүндүрөт. Бул жерде мал-мүлк тууралуу сөздөр мамлекет болуп эсептелинет. Бирок бул мамлекет республика жана демократиялык бир мамлекет эмес, падышалык (королдук) башкаруу ( монархия) түрүндөгү мамлекет болуп саналат. Ушул себептүү да мал-мүлк падыша дегенди түшүндүрөт [2. 351-б.].

Умран түшүнүгү бедеви (бедуинлик) жана хадари (маданияттуулук) болуп экиге бөлүнөт. Ибн Халдундун айтуусу боюнча, коомдор ортосундагы айырмачылыктардын негизги себеби жашаган жерлеринин жашоо-шарттарынан, башкача айтканда экономикасынан көз каранды. Көчмөн жашоо тарзында жашаган бедуин коомунун хадари коомуна, тактап айтканда отурукташкан жашоого өтүүсү, экономика менен камсыз боло турган цивилизацияга байланыштуу [2. 323-б.]. Жайгашканына карата муктаждыктар өзгөрөт.

Ибн Халдун адамдардын жашоо-шартын камсыз кылуу үчүн керектүү муктаждыктарын үч группада топтойт жана бул муктаждыктарды кийинчерээк коомдордун Умрандагы ордун белгилөө үчүн колдонот. Сөзсүз түрдө зарыл болгон муктаждыктар (Zaruri), сөзсүз түрдө зарыл болбогон муктаждыктар (Hâcî) жана ыңгайлуулук үчүн керектүү болгон муктаждыктар (lüks) болуп үчкө бөлүнгөн бул муктаждыктарды төмөнкүдөй түшүндүрөт:

1- Сөзсүз түрдө зарыл болгон муктаждыктар (Zaruri): Адам жашоосу үчүн зарыл болгон муктаждыктар болуп саналат. Булар: жеп-ичүү, уктоо, башпаанектүү болуу жана коопсуздук болуп саналат. Бул муктаждыктар ишке ашпаса адам жашоосунун улануусу мүмкүн эмес. Жашоо болбойт. Булар адамдын бар болуусу үчүн зарыл болгон муктаждыктар. Бул муктаждыктар бардык цивилизацияда бар.

2-Сөзсүз түрдө зарыл болбогон муктаждыктар (Hâcîyât): Сөзсүз түрдө зарыл эмес, эгерде бар болсо адамга ыңгайлуулукту камсыз кылган муктаждыктар. Бул муктаждыктар милдеттүү түрдө талап кылынбайт, адам кыйынчылыкка дуушар болсо да бул муктаждыктар жок эле жашоосун уланта алат. Ибн Халдундун оюу боюнча, бул түрдөгү муктаждыктар жалпысынан илим-билимдер жана искусствого байланышкан иш-аракеттер болуп саналат.

3-Ыңгайлуулук үчүн керектүү болгон муктаждыктар (Tahsiniyât veya kemâlîyât): Бул муктаждыктар жыргалчылык жана ыңгайлуулук жаатынан бааланган муктаждыктар, башкача айтканда люкс, эстетикалык, фантазия катары караса болот.

Бул муктаждыктардын алгачкысы, зарылчылыктын себеби менен класстарга бөлбөстөн өзгөчөлүк кылбастан ар адамга, сөзсүз түрдө керектүү болбогон муктаждыктар орто даражадагы адамдарга, ыңгайлуулук муктаждыктар болсо, жалгыз гана бай адамдарга тиешелүү муктаждыктар болуп саналат. Ибн Халдундун оюу боюнча, цивилизациялар бул муктаждыктардын камсыз болушу боюнча бир багыттуу жолду көздөйт. Биринчи кезектеги муктаждыктарды чечпей, эч бир цивилизация акыркы этапка өтө албайт. Цивилизациянын билим жана искусство багыты боюнча өнүгүшү да акыркы эки муктаждыктын камсыз болушуна байланыштуу болуу менен өнүгөт [2. 209-б.].

Бедуинден отурукташкан жашоого өтүү үчүн, тактап айтканда цивилизациянын курулушу үчүн жалгыз зарыл болгон муктаждыктардын камсыз болушу жетиштүү эмес. Цивилизациялашуунун негизин түзгөн иш-аракеттердин базалык экономикасы болушуна байланыштуу зарыл болгон муктаждыктар менен жашоого мажбур болгон коом бедуин, башкача айтканда көчмөн калктар болуп эсептелинет. Маселе люкс керектөө болсо андан ары ал коом хадари коому болуп саналат. Ибн Халдундун оюу боюнча, артта калган коомдор алгачкы негизги жана зарыл болгон муктаж-

дыктарды камсыз кыла алууда өнүгүп келе жаткан коом сөзсүз түрдө керектүү болбогон жана маанилүү муктаждыктарды камсыз кыла алууда жана өнүккөн, күчтүү коомдор болсо  люкс муктаждыктарды колдонуп сарптоодо.  Бул жерден да түшүнүктүү болгондой жалгыз гана өндүрүү жолдору башкача айтканда негизги  экономикалык бир коом түзүлүшү эмес, бул коомдордун керектөө түзүлүштөрүн да ачыктаган пикирлери менен Ибн Халдун умран түшүнүгү деталдуу болгон сайын учурда социология теорияларына дем берген булагы болгондугу ачык-айкын [2. 323-б.].

**Абрахам Маслоунун муктаждыктар иерархиясы**

Социал илимдер тармагында изилдөөлөрдү жүргүзгөн Абрахам Маслоу (1943) муктаждыктардын иерархиясынын теориясы менен адамдардын өздөрүн өнүктүрүү эшиктеринин белгилүү этаптардан түзүлгөн бир система менен байланыштырган. Бул иерархияда орун алган эң төмөнкү этап деп эсептелген негизги муктаждыктардан баштап, адамдар ар бир жолкусунда өздөрү турган баскычты аяктап, андан кийинки муктаждык баскычына өтүшөт.

Маслоунун ою боюнча адамдар жашоолорунда өздөрү бир канча  максаттарды коюшат жана ушундай тарзда жашоолорун улантышат. Адамдын өзүн-өзү өнүктүрүүсүндө белгиленген эң акыркы  баскыч үчүн белгилүү иерархия ичинде жашоого байланыштуу деп белгиленген максаттар жана бул максаттарга жетүү үчүн керек болгон муктаждыктар камсыздалышы керек. Бул алкакта муктаждыктар жашоонун ар бир этабында адамдардын аткарышы керек болгон иш-аракет катары келип чыгат [3. 194-б.].

“Адам муктаждыктары үстөмдүк көрсөтүү иерархиясына жараша тизилет. Башкача айтканда, бир муктаждыктын келип чыгышы көбүнчө башка андан да күчтүү бир муктаждыктын мурдагы канааттануусуна таянат. Адам дайыма каалаган жандуу болуп саналат [4. 370-б.].”

Маслоунун (1943) муктаждыктар иерархиясында биринчи жана эң негизги баскычы болгон жашоо үчүн керектүү физиологиялык муктаждыктар камтылган. Адамдардын биринчи жана эң негизги муктаждыгы жашоо үчүн күрөшүү муктаждыгы, жашоосунун уланышы үчүн зарыл болгон; жеп-ичүү, башмаанектүү болуу, уктоо жана башка муктаждыктар болуп эсептелет. Бул муктаждыктардын толук болбоосу адамдарды жетишпеген физиологиялык муктаждыгын канааттандырууга багыттайт жана адамдын приоритети бул муктаждыктардын негизи болуп саналат [5. 35-б.].

Маслоу физиологиялык муктаждыктардын приоритетине карата кээ бир мисалдарды келтирет. Мисалы, курсагы ач бир адамдын ичиндеги ыр жазууга болгон түрткүсү, унаалу болуу тилеги же болбосо Америка тарыхына болгон кызыгуусу; ачка калуу абалы жөнүндө сөз болгондо, маанисин жана приоритетин жоготот. Себеби ачка калуу сыяктуу көзөмөлдөн чыккан бир абал жөнүндө сөз болууда. Ачкалыктан түштөрдү, галлюцинация көргөн адам бул түшүндө тамакты көрөт, тамак-аштарды эстейт жана бир гана тамакты кабыл ала турган, тамакты билдире турган жана бир гана тамактануу каалоосу кайра-кайра кайталанат. Тамактан тышкары бардык нерсе баалуулугун жоготот. Пирамиданын негизин түзгөн физиологиялык муктаждыктардын канааттандырылып, камсыз болушунун артынан адам бир этап жогорку муктаждык абалына багытталат [5. 37-б.].”

Экинчи этапта орун алган коопсуздук муктаждыгы адамдардын физиологиялык муктаждыктарын камсыз кылгандан кийин, жашоосун сактоо жана улантуу үчүн коопсуздукта болуусун көрсөтөт [5. 39-б.].

Таандык жана сүйүүгө болгон муктаждык: Муктаждыктар иерархиясынын алгачкы эки баскычын түзгөн физиологиялык муктаждыктар жана коопсуздук муктаждыгынын канааттандырылуусунун артынан социалдык зат катары аталган адамда сүйүү, таандык жана кайрымдуулук муктаждыктары келип чыгат. Адам бул баскычта сүйгөнү, достук чөйрөсү, жубайы же болбосо балдары жок экендигин сезет. Башка адамдар менен жакшы мамиледе болуу үчүн күрөшөт жана бир топтун ичинде болуу каалоосун канааттандырууга аракет жасайт [4. 380,381-б.].

Урмат-сый, кадыр-барк муктаждыгы; сүйүү жана таандык муктаждыгы канаатандырылгандан кийин, адамдар урмат-сый көрүү, беделге ээ болуу, ийгиликтерди багындыруу сыяктуу муктаждыктарга багытталат жана аларга ээ болууну каалайт. Маслоу бул этаптагы муктаждык багытын экиге бөлүп карайт. Биринчиси: Адамдын өзүнө болгон урмат-сыйы. Адамдын дүйнө деңгээлинде коопсуз, күчтүү, көз карандысыз, эркин жана ийгиликтүү болуу каалоосу болуп саналат. Бир түрү кадыр-баркка ээ болуу же болбосо жетилүү каалоосу. Күчтүү бир бир өздүккө болгон муктаждык катары да саналат. Экинчиси болсо: башка адамдардын сый-урматына ээ болуу,  бааланууу жана белгилүү болуу тилеги сыяктуу каалоолорун камтыган бөлүк. Бул муктаждыктар жетиштүү деңгээлде канаатандырылбаган учурда, адамдарда жетишсиздик, алсыздык,өзүн төмөн сезүү комплекстери сыяктуу сезимдер келип чыгат [4. 381,382-б.].

Өзүн-өзү өнүктүрүү; Маслоунун муктаждыктар иерархиясындагы бардык баскычтар аяктап,  бардык муктаждыктар камсыз болсо да, адам өзүнүн потенциялын, талантын, белгисин жана жөндөмдүүлүктөрүн толук кандуу көрсөтө албаган,  жетишпестикти сезген бир боштук ирмемине жетеленет. Тез-тез жаңы бир нааразычылык сезими жана тынчсыздануу сезими келип чыгат. Мына ушул сезимден улам, эң акыркы баскыч болуп эсептелинген өзүн-өзү өнүтүрүү муктаждыгы келип чыгат. Адам өзүнө ыңгайлуу болгон максат кылганын нерсесин аткарышы керек. Адам өзүнүн жашыруун күчтөрүн, потенциялын көрсөтүүгө таянган бул процесс адамдын чыгармачыл болуу жана өзүн өнүктүрө алуусуна, үзгүлтүксүз өнүгүүнү көздөгөн бул баскыч өзүн-өзү өнүтүрүү болуп аталат [5.46-б.].

Бул этапта адам искусство, илим же болбосо кесиптик багыттарын эң жогорку даражага чыгаруусу шарт жана тармагында үлгү боло турган бир адам болуусу керек. Бул жердеги максат – акылман адам болуу. Маслоу бул этап бардыгына тиешелүү болбогондугун белгилегендей эле, бир эле убакта бул баскычка жеткен адамдардын да, сарптоо абалына өткөн адамдар болгондугун белгилейт. Тактап айтканда, адамдар коомдук пайда жана өндүрүүнү ишке ашыруу менен бул даражага жете алышат [1.51,52-б.].

"Өзүн-өзү өнүктүргөн этапка пайгамбарлар, олуялар, эрендер, лидерлер, улуу искусство адамдары, улуу окумуштуулар жана башкалар жетишет. Бирок бул этапка жеткендер бир гана атактуу адамдар эмес. Илимпоз адамдарга пайда алып келген жана жашоону маңыздуу деп эсептеген адамдар да өзүн-өзү өнүктүргөн адам катары атайт [1.46-б.]."

Маслоунун муктаждыктар иерархиясына көз жүгүртүлгөндө, адамзаттын жашоосу өмүр бою уланган керектөө циклинин ичинде болгонун көрсөтөт. Бул цикл кайсы бир убакта эң жогорку деңгээлге чыга алат, ал эми кайсы бир убакта бир гана негизги муктаждыктардын контекстинде чечилет.

**Жыйынтык**

Ибн Халдун жана Абрахам Маслоунун муктаждык түшүнүктөрү боюнча изилдөөлөрүнүн ортосунда 500 жылдан ашуун убакыт жатат. Маслоунун 1941- жылы жарыялаган макаласы менен анын өзөгүн түзгөн муктаждык иерархиясынын теориясын, Ибн Халдундун Умран илиминин негизинде бөлүнгөн муктаждык түшүнүктөрү боюнча көңүл буруууга татыктуу окшоштуктарды ичине камтыйт.

Ибн Халдундагы муктаждыктар түшүнүгүнүн эң негизги максаты адамдардын жашоо- шартын камсыз кылуу, башкача айтканда жашаган жерлеринин аларга камсыз кылган жашоо-шарты болуп саналат. Бул базалык экономика коомдордун отурукташкан же болбосо көчмөн жашоо тарзын кабыл алууларына жол ачат. Коомдордун жашоо тарздарына жараша ар түрдүү муктаждыктары болот. Маслоу болсо муктаждык түшүнүгүн мотивацияга башкача айтканда шыктандырууга негиздейт. Ибн Халдун болсо Маслоудон айырмаланып, муктаждык кезегин коомдук көз караштты кабыл алып, социологиялык көз караш менен түзгөн. Маслоу болсо жеке адамды изилдөө менен дагы да деталдуу түрдө муктаждык түшүнүгүн адамдын абалы боюнча изилдеген. Маслоунун муктаждыктар иерархиясында кездешкен негизги беш муктаждык Ибн Халдунда берилген муктаждык менен кээде кыйыр түрдө кээде түздөн-түз байланышта. Бирок Ибн Халдундун классификациялаган үч муктаждыктын ичинде Маслоудун ар бөлөк баалаган муктаждыктар көңүл бөлүндү.

Ибн Халдунда берилген зарыл болгон муктаждыктар – канааттандырылуусу керек болгон эң негизги муктаждыктар болуп саналат, жашоосун улантуу үчүн, бар болуу учүн бул муктаждыктар аткарылуусу керек. Маслоудо болсо ушул эле муктаждык; физиологиялык муктаждык катары алгачкы этапта маңдайыбызга чыгат. Ибн Халдунда зарыл болгон муктаждыктардын ичинде айтылган башпаанек жана коопсуздук муктаждыктары Маслоудо өзүнчө бир муктаждык этабы катары экинчи этапта орун алып, коопсуздук муктаждыгы көзгө урунат. Ибн Халдундагы керектүү муктаждыктар – Маслоунун муктаждык иерархиясында физиологиялык жана коопсуздук муктаждыгына туура келет.

Сөзсүз түрдө керек болбогон муктаждыкдыктардын Маслоудо каршылыгы – үчүнчү жана төртүнчү этаптарда орун алган таандык жана сүйүү муктаждыгы менен урмат-сый жана кадыр-барк муктаждыктары болуп саналат. Маслоу адамдын социал бир зат катары сүйүү жана таандык муктаждыктарын канааттандыруусу керектигин, буга муктаж боло тургандыгын белгилейт. Ибн Халдундан айырмаланып Маслоу бул эки муктаждык боюнча жеке адамга токтолгон жана адамдын психологиясын эсепке алуу менен муктаждыктын багытын түзгөн. Ибн Халдунда сүйүү муктаждыгы катары бир керектөө орун алган эмес, анткени анын теориясында коом ичиндеги асабия күчтүү болсо адамдар ансыз деле бактылуу жана коомдук мамилелери жакшы деңгээлде болот.

Адамдардын ыңгайлуугу үчүн керек болгон муктаждыктар болсо, Ибн Халдундагы акыркы этап болуп, цивилизациянын өнүккөндүгүнүн бир чеги катары каршыбызга чыгат. Артта калган коомдор да бул муктаждыктарын канааттандыра алышууда. Буга чейин да айтылгандай эле, Ибн Халдундун муктаждык түшүнүгү цивилизациялар менен коомдордун ортосунда бир жолду көрсөтөт. Ыңгайлуулук үчүн керектүү муктаждыктар жыргалчылык менен комфорттун, люкс менен фантазиянын муктаждыгы болуп саналат. Маслоудо болсо өзүн-өзү өнүктүргөн катары орун алган бул муктаждык этабы адам жете турган эң жогорку чекитти түшүндүрөт. Адамдын потенциялын таап, аны ачып көрсөтүүсү, өзүнүн тармагында жогорку деңгээлге чыгып, мындан ары сарптоонун ордуна коом үчүн өндүрө баштаган бир этап жөнүндө сөз кылат. Ибн Халдунда болсо бул муктаждык цивилизациялар үчүн акыркы этап катары көрсөтүлөт.

Жыйынтык катары; Ибн Халдундун изилдөөлөрү да өзүнөн кийин келген бир топ изилдөөчүлөр тарабынан каралган. Коом илимине болгон салымы бир топ социал илимпоздорду шыктандырган жана өзгөчө социология тармагында ошол мезгилдеги ой-пикирлери менен бир топ кылымдардан кийин да заманбап дүйнөгө өз салымын кошо алды. Бул багытта караганыбызда, социалдык илимдер боюнча алдыңкы билим адамы болуп саналат.

***Адабияттар***

*1-Aktaş, E. (2018), Abraham Maslow'un İhtiyaçlar Hiyerarşisi Kuramına Göre Günümüzde Kadına Yönelik Tüketim Analizi. Marmara Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü, Yüksek Lisans Tezi, İstanbul*

*2- Haldun, İ. (2007), Mukaddime. Dergâh Yayınları, İstanbul*

*3- Kula, S., Çakar, B. (2015), Maslow İhtiyaçlar Hiyerarşisi Bağlamında Toplumda Bireylerin Güvenlik Algısı ve Yaşam Doyumu Arasındaki İlişki, Bartın Üniversitesi İ.İ.B.F. Dergisi, Cilt: 6, Sayı: 12, 191-210*

*4- Maslow, A. H. (1943), A Theory of Motivation. Psycological Rewiew, 50(4): 370-396.*

*5- Maslow, A. H. (1970), Motivation and Personality. New York: Harper and Row Publishers*

*6- Sarıipek, D. B. (2017), "İhtiyaç" Kavramı Ekseninde Sosyal Koruma: Temel İhtiyaçlar Yaklaşımı. İnsan&İnsan Dergisi, Yıl: 4, Sayı: 12, 43-65*

***Рецезент: к.соц.н.,доц. С.Сыргабаев***